| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br><br>**ТҮП РАЙОНУ**<br>**ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**ТЮПСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП** |

**Түп айылдык кенешинин XXIX-чакырылышынын**
**кезексиз сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

2025-жылдын 30-октябры **№86** Түп айылы

**Түп айылынын Тюпская жана Речная көчөлөрүнүн**
**атын өзгөртүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" №67 Мыйзамынын 7-беренесин жетекчиликке алып, Түп айылдык кеңешинин XXIX-чакырылышынын кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айыл аймагынын Түп айылынын Тюпская жана Речная көчөлөрүнө атактуу лор-врач, маркум Дунганаев Абдыкалый Токтогуловичтин ысымы берилсин.
2. Бул токтомду Түп айыл өкмөтү аткарууга алсын жана өзүнүн иш кагаздарынын жана маалымат базасын ушул токтомго ылайык келтирсин.
3. Түп райондук жерге жайгаштыруу жана мүлктөргө укуктарды каттоо башкармалыгына тиешелүү өзгөртүү киргизүү боюнча каттоого алуу сунушталсын.
4. Тюпская жана Речная көчөлөрүн атын өзгөртүү, катар номерлерин берүү жана башка чыгымдары Кыргыз Республикасынын 1997-жылдын 25-сентябрындагы "Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө" №67 Мыйзамынын 6-беренесинин негизинде демилгечи тараптын эсебинен жүргүзүлсүн.
5. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Түп айылдык кеңешинин мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укугун жана кызыкчылыктарын коргоо, регламент, депутаттык адеп, депутаттык ишмердүүлүк жана депутаттык мандат, жергиликтүү өзүн өзү башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаттары, коомдук уюмдар жана жергиликтүү коомдоштуктар менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясына жана Түп айыл өкмөтүнүн башчысына жүктөлсүн.
6. Бул токтомду маалымат-массалык каражаттарына жарыялап, Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин каттоосунан өткөрүү жооптуу катчы Ж.Ишембаевага милдеттендирилсин.

**Төрага** **Абдымамбетов А.Б.**